КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

Бишкек ш.
г.Бишкек

_________________№________

# Башталгыч кесиптик окуу жайларынын окуучуларын өндүрүштүк окутуу жана өндүрүштүк практикасын уюштуруу Жобосун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2004-жылдын 8-майындагы № 220 Кыргыз Республикасынын башталгыч кесиптик билим берүү системасынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар жөнүндө" токтомуна ылайык, Башталгыч кесиптик окуу жайларынын окуучуларын өндүрүштүк окутуу жана өндүрүштүк практиканы уюштурууну камсыз кылуу максатында **буйрук кылам.**

1. Башталгыч кесиптик билим берүү окуу жайларынын окуучуларын өндүрүштүк окутуу жана өндүрүштүк практиканы уюштурууну жөнүндө Жобосу тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Башталгыч кесиптик билим берүү окуу жайларынын жетекчилери Жобого ылайык ишти уюштурсун жана так аткарууга алышсын.

3.Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Башталгыч кесиптик билим берүү агентигинин 2014-жылдын 16-июнундагы №1/227 буйругу жокко чыгарылсын.

4.Өндүрүштүк окутуунун жана окутуу практикасын уюштурууда жана өткөрүүдө окуучулардын өмүрүнүн коопсуздугуна окуу жайдын жеиекчилигине жоопкерчилик жүктөлсүн.

5.Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгына жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Абазбек уулу Расул**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргыз Республикасынын

Билим берүү жана илим

министрлигинин 2024-жылдын,

«_____»

№ ______буйруту менен
бекитилди

**Башталгыч кесиптик окуу жайларынын окуучуларын өндүрүштүк окутуу**

**жана өндүрүштүк практика жөнүндө**

**ЖОБО**

Бул жобо Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-майындагы № 220 “Кесиптик башталгыч билим берүү системасынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар жөнүндө” токтому менен бекитилген Кесиптик башталгыч билим берүү уюмдарынын түрлөрү жөнүндө жобого ылайык жана башталгыч кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу окуу жайлар үчүн өндүрүштүк окутууну жана өндүрүштүк практиканы уюштуруунун тартибин аныктайт.

**1. Жалпы жоболор**

1. Өндүрүштүк окутуу – окуучуларды кесиптик даярдоонун негизи. Өндүрүштүк окутуу окуучулардын окуу-өндүрүштүк иштерди аткаруу процессинде өндүрүштүк окутуу мастерлеринин жетекчилиги астында окуу-өндүрүштүк устаканаларда, полигондордо, окуу чарбаларында, лабораторияларда ишке ашырылат.

2. Өндүрүштүк окутуунун негизги максаты – окуучулардын кесиптик компетенцияларга жана көндүмдөргө ээ болуусу.

3. Өндүрүштүк окутуу белгиленген тартипте бекитилген башталгыч кесиптик билим берүүнүн кесиптик жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык пландаштырылат жана өткөрүлөт. Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык өндүрүштүк окутууга жана өндүрүштүк практикага окуу убактысынын 50 - 70% бөлүнөт. Өндүрүштүк окутуу милдеттүү түрдө ар бир курста, жумасына 6 сааттан кем эмес, өндүрүштүк окутуу сабагынын этаптарын сактоо менен жүргүзүлүшү керек.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

4. Өндүрүштүк практика окуучуларды өндүрүштүк окутуунун акыркы этабы болуп саналат жана окуучулардын конкреттүү өндүрүштүк шарттарда ээ болгон адистиги боюнча квалификациялык деңгээлине ылайык келген ишти өз алдынча, сапаттуу аткара алышына багытталган.

5. Бүтүрүүчү курстун өндүрүштүк практика мезгилинде окуучулар өндүрүштүк практиканын программасына ылайык окуу-өндүрүштүк иштердин тизмесине ылайык практикалык тапшырмаларды өз алдынча аткарышат. Өндүрүштүк практиканын жыйынтыктары боюнча лицейдин жетекчилиги бүтүрүүчү квалификациялык экзамендерге киргизүү жөнүндө чечим кабыл алат.

## 2. Өндүрүштүк окутууну уюштуруу

*6. Өндүрүштүк окутуу төмөнкүлөрдө жүргүзүлүшү мүмкүн:*

- окуу-өндүрүштүк устаканаларда, лабораторияларда, лицейдин окуу полигондорунда, лицейлердин окуу чарбаларында;
- өндүрүш шарттарында (дуалдык окутууда).

7. Окуу-өндүрүштүк тапшырмалардын көлөмү, мазмуну жана аткаруу тартиби Окуу-өндүрүштүк иштердин тизмесинде жана нускама-технологиялык картада көрсөтүлөт.

8. Кесиптик лицейлердин өндүрүштүк окутуу мастерлери милдеттүү түрдө төмөнкү окуу-пландоочу документтерди тариздөөгө тийиш:

- өндүрүштүк окутуу журналы;

- перспективалык-тематикалык план;

- окуу-өндүрүштүк иштердин тизмеси;

- сабактардын планы (окуу-дидактикалык материал);

- нускама-технологиялык карта.

*9. Окуу-өндүрүштүк устаканаларда өндүрүштүк окутуу.*

Окутуу кесиптик лицейдин окуу-өндүрүштүк устаканаларында тиешелүү кесипке мүнөздүү жана окуу-өндүрүштүк багыттагы иштерди аткаруу процессинде окуп жаткан кесип боюнча жалпы жана кесиптик көндүмдөрдү андан ары өздөштүрүү үчүн зарыл болгон технологиялык ыкмалар, операциялар жана иштерди аткаруу ыкмалары боюнча жүргүзүлөт. Бардык даярдалган буюмдар жана окуу-өндүрүштүк устаканаларда аткарылган иштер боюнча нускама-технологиялык карта болушу керек.

*10. Окуу полигондорунда өндүрүштүк окутуу*

Бекитилген ченемдерге ылайык жабдылган окуу полигондорунда окуучулар трактор, автомобиль, экскаватор, башка өзү жүрүүчү айыл чарба машиналарын айдоого, тоо-кен казып алуу жана туризм тармагынын окуучулары окутулат.



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Абазбек уулу Р., 29.05.2024

Транспорт каражаттарын айдоо боюнча сабактарды айдоочулукка окутуу укугуна күбөлүгү бар топтун мастери өткөрөт. Айдоочулукка окутуу лицейдин жетекчилиги тарабынан бекитилген графикке ылайык даярдоонун биринчи айынан баштап ар бир окуучу менен жекече жүргүзүлөт.

*11. Окуу чарбасында өндүрүштүк окутуу (айыл чарба багытындагы окуу жайлар үчүн)*

Өсүмдүк өстүрүүчүлүктө жана мал чарбасында айыл чарба жумуштарын аткаруу боюнча окуучуларды окутуу талааларда жана фермердик окуу чарбаларында өндүрүштүк окутуу мастерлеринин жетекчилиги астында жүргүзүлөт.

Мында окуу тобу 2 кичи топко бөлүнөт (кичи топтор звенолорго бөлүнөт) жана тапшырмаларды аткаруу үчүн ар бир звено тиешелүү жабдуулар менен камсыз кылынат.

12. Өндүрүш шарттарында өндүрүштүк окутуу Дуалдык окутуу жөнүндө жобо менен жөнгө салынат.

## 3. Өндүрүштүк практиканы уюштуруу

13. Өндүрүштүк практиканын негизги милдети – окутулуп жаткан кесипке, квалификацияга карата кесиптик стандарттарда (квалификациялык талаптарда) каралган билимдерди, жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү бекемдөө.

14. Окуучулар өндүрүштүк практикага кесип боюнча теориялык окутуунун окуу программаларынын тиешелүү бөлүмдөрүн, өндүрүштүк окутуу программасында каралган коопсуздук техникасын өздөштүргөндөн кийин гана жиберилет.

15. Өндүрүштүк практиканы жүргүзүү мөөнөтү, окуучулар тарабынан аткарылуучу иштердин мазмуну жана көлөмү Мамлекеттик билим берүү стандарттарына, бекитилген окуу пландарына жана программаларына ылайык аныкталат.

Билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик органынын жазуу жүзүндөгү уруксаты менен билим берүү мекемесинин негизделген өтүнүчүнүн негизинде туризм тармагынын, тейлөө чөйрөсүнүн, коомдук тамактануу кесиптерин кошпогондо, жайкы каникул мезгилинде окуучулардын өндүрүштүк практикадан өтүүсүнө тыюу салынат.

16. Окуучунун өндүрүштүк практикадагы жумуш күнүнүн узактыгы кесиби боюнча окуу планында каралган өндүрүштүк окутуу боюнча жумалык окуу жүктөмүнө ылайык аныкталат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жумуш күнүнүн узактыгынан ашпайт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

17. Окуучулардын өндүрүштүк практикасы уюм жана башталгыч кесиптик билим берүү уюмунун ортосунда түзүлгөн түздөн-түз келишимдердин негизинде ар кандай уюштуруу-укуктук формадагы уюмдарда жана ишканаларда өткөрүлөт. (№1 тиркеме Окуучулардын өндүрүштүк практикасы жөнүндө типтүү келишим).

18. Өндүрүштүк практиканы уюштурууга жалпы жетекчиликти улук мастер ишке ашырат. Өзүнчө топтун окуучуларына өндүрүштүк практикадан өтүү учурунда ишканада өндүрүштүк окутуу мастери бекитилет, ал төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:

- окуучу – практиканттарды кесиби боюнча адистигине жараша жумуш орундарына туура бөлүштүрүү;
- окуу планына жана өндүрүштүк практиканын программасына ылайык иштерди аткаруу;
- окуучулардын эмгек тартибин, эмгектин коопсуздук техникасынын талаптарын сактоо;
- жабдууларга жана шаймандарга аяр мамиле кылуу;
- материалдарды жана электр энергиясын үнөмдүү пайдалануу;
- окуучуларды өндүрүштүк дисциплинага тарбиялоо;
- белгиленген өндүрүштүк ченемдерди аткаруу;
- окуучулардын өмүрүнүн жана ден соолугунун коопсуздугу.

19. Окуучулар практикант катары кабыл алынган учурдан тартып, алар ишканада же уюмда колдонулган коопсуздук, эмгекти коргоо эрежелерине баш ийишет.

20. Өндүрүштүк практика учурунда окуучулар бекитилген өндүрүштүк практиканын программасына ылайык күндөлүк жүргүзүшөт, анда аткарылган иштер жана ишкананын же уюмдун кызматкеринин аткарылган иштерге берилген баасы чагылдырылат. Практикадан өтүүнүн жыйынтыгы боюнча ишкана практикадан өтүү жөнүндө окуучуга пикир даярдайт жана окуучунун өндүрүштүк мүнөздөмөсүн берет. (№2 тиркеме Өндүрүштүк мүнөздөмө). Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгы боюнча окуучулар өндүрүштүк практиканын жыйынтыктары жөнүндө отчетторду тапшырышат (өндүрүштүк практика жөнүндө күндөлүк, тиешелүү квалификацияны ыйгаруу жөнүндө сунуш менен ишкананын өндүрүштүк мүнөздөмөсү).

Окуу бүтүрүүчү квалификациялык экзамен менен аяктайт.

21. Окуу жайдын өндүрүштүк окутуу мастерлери окуучулардын практикасына окуу-методикалык жетекчиликти жүзөгө ашырат, окуучулардын жабдылган жумуш орундары, сырье, материалдар, окуу программаларынын талаптарына ылайык келген өндүрүштүк тапшырмалар менен өз убагында камсыз болушуна байкоо жүргүзөт.

22. Эгерде ишкана же уюм өндүрүштүк практиканын башталышына карата келишимге ылайык окуучу – практиканттар үчүн иштөө үчүн зарыл

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

шарттарды камсыз кылбаса, окуу жай бул ишкана менен келишимди бузууга укуктуу.

23. Жетим окуучулар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар, адистештирилген реабилитациялык топтордогу окуучулар өндүрүштүк окутуудан жана практикадан өтүү үчүн орундар менен биринчи кезекте камсыз кылынат.

## 4. Окуучулардын эмгек акысы

24. Өндүрүштүк практика учурунда өндүрүштүк тапшырмага ылайык окуучулар аткарган иштер үчүн ишкана аларга келишимдин негизинде эмгек акы чегерет.

**Өндүрүштүк практикадан өтүү үчүн компенсация катары окуучулардын стипендиясынан же тамактанууга каражаттан кандайдыр бир кармап калууларга тыюу салынат.**

25. Кесиптик лицейлердин окуучуларынан кандайдыр бир акча чогултууга тыюу салынат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Абазбек уулу Р., 29.05.2024

Чаткал райондук №46 кесиптик лицейинин Камкордук кеңешини чогулушунун

Токтому № 12

"12" 01

1.Камкордук кенешинин иш планын бекитүү

2.Окуу жайдын миссиясын кароо

3.Стратегиялык пландын аткарылышын карап чыгуу

Угулду :Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча камкордук кенешинин төрагасы Жоошев Мурат №46 кесиптик лицейинин камкордук кенешинин түзүлгөн иш планы менен тааныштырылды.

Жарыш сөзгө :Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча окуу жайдын директору Талантбек Ботобеков камкордук кеңешинин түзүлгөн иш планы боюнча айта турган болсок иш баруу жана жетишпеген окуучулар менен иштөө дагы эске алынган .

Окуу жайдын директорунун орун басары Көчөрбаева Нурзада .Камкордук кеңешинин иштөөсү биздин окуу жай үчүн чон жетишкендик.Иш план негизинен жакшы түзүлгөн,ушул иш пландын негизинде камкордук кеңеши жакшы иштеп берсе деген үмүттөбүз.

Камкордук кеңешинин мүчөсү ОК.Камкордук кеңешин түзгөн иш планы боюнча биз мүчөлөрү ар дайым мыкты иш алып барганга аракеттенебиз жана ройондун ичиндеги жаштардын окуп билим алып барганга аракеттенебиз жана райондун ичиндеги жаштардын окуп билим алып жаткан окуу жайы үчүн ар дайым жакшы иштегенге аркет кылабыз.Бирок окуу жайга сырттан көргөзүлгөн финансылык жардамар ачык жана так көрсөтүлсө деп өз оюн айтып өттү.

Чогулуштун калган катышуучулары жогорудагы айтылгандарга кошуларын айтып өз ойлорун билдирип кетишти.

Күн тартибиндеги биринчи маселени угуп жана талкуулап №46 ксиптик лицейинин

Камкордук кеңешинин отуруму

Токтом кылат

1.Камкордук кеңешинин иш планы алымча кошумча менен бекитилсин.

2.Бюджеттен сырткары тушкон каражаттардын мыйзамдуу жумшалышын көзөмөлдөө жагы колго алынсын.

3.Окуу жайда кесипкөөй жумушчу кадрларды тарбиялоодо камкордук кеңеши тарабынан жакындан жардам көргөзүлсүн.

4.Иш пландын негизинде иш алып баруу жагы окуу жайдын камкордук кеңешинин курамына милдетендирилсин.

Күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча окуу жайдын директорунун орун басары Көчөрбаева Нурзада окуу жайдын миссиясы менен тааныштырылды .

Ар тараптан өнүккөн,сапаттуу жумушчу кадрларды даярдоо менен бирге өлкөбүздүн өнүгүшүнө салым кошуу;

Кесипке даярдоо билим берүү станандарттарынын негизинде ,окутуунун жаңы технологияларынын колдонуу менен кесиптик компетенцияларга ээ кылуу;

Керектөөчүлөрдүн жаны талаптарына ылайык квалификациалуу жумушчу кадрларды даярдоо.

Окуу жайдын көтөрүлгөн миссиясын чогулуштун жалпы катышуучулары жактырышып бир добуштан колдоого алышты.

Жарыш сөзгө:Камкордук кеңешинин төрогасы Жоошев Мурат окуу жайдын миссиясына баардык жагынан камтылыптыр эми ошол миссяны иш жүзүнө ашырууда көп жумуштарды жасоо керек,биз да өз салымыбызды кошушубуз керек деген өзүнүн сунуш айтып өттү.

Күн тартибиндеги экинчи маселени экинчи маселени угуп жана талкуулап № 46 кесиптик лицейинин камкордук кеңешинин отуруму.

**Токтом кылат**

**1.**Окуу жайдын миссиясы кеңештин мүчөлөрү тарабынан жактырылып,кабыл алынсын.

2.Окуу жайдын миссиясы ата-энелер,жумуш берүүчүлөр ,окуучулар арасында жетирилсин жана талкуулансын.

Күн тартибиндеги үчүнчү маселе боюнча окуу жайдын устат мугалими Алимбеков Турдукул тааныштырып өттү.

Жарыш сөзгө: Камкордук кеңешинин төрөгасы Жоошев Мурат .2016-2020-окуу жылдарына түзүлгөн стратегиялык пландын түзүлүшү жана аткарылышы боюнча таанышып чыгып ,ушул окуу жайдан кесиптик билим алып жаткан райондун жаштары үчүн жана кесиптик лицейинин келечеги үчүн жакшы жумуштардын аткарылгандыгын байкасак болот.Акыркы учурда замандын талабына ылайык окуу жайдын баасын чындоо жана заманбап технологиялар менен окуу жайды камсыз кылууну да алдынкы орунга койуу зарыл.

Камкордук кеңешинин мүчөсү Рысбекова Эркайым стратегиялык планда окуу жай боюнча маалмат,кесиптик лицейде окутулуп жаткан адистер,буга чейинки жетектеген инсандар жана сандык -сапаттык тутумдар толугу бойдон камтылыптыр.Материалдык базасын замандын талабына ылайык чындап,окуучулардын билим алуусуна шарт түзүүнүн үстүндө мындан ары да иш алып баруу керек.

Камкордук кеңештин мүчөсү Курманалев Кутманбек,райондогу жалгыз кесиптик лицейи райондун жаштарына билим тарбия берүүдө жана келечек кесип ээлерин даярдоодо өтө маанилүү.Кесиптик лицейинен билим алып кесипке ээ болуп чыккан жаштарыбыз ар кайсы фирмаларда жумушка жайгашып жогорку деңгелдеги айлык маянага ээ болуп

жаткандыгын билебиз.Жогорудагы стратегиялык планда каралаган иштерди жакшы деп айтсак болот.

Чогулуштун калаган катышуучулары жогорудагылардын айткандарын колдоп 2016-2020-жылдарга түзүлгөн Сртатегиялык пландын аткарылышын канааттанндырарлык деп баалашты.

**Күн тартибиндеги маселеси угуп жана талкуулап № 46 кесиптик лицейинин**

**Камкордук кеңешинин отуруму**

**Токтом кылат**

**1.**Окуу жайдын 2022-2026-жылга түзүлгөн стратегиялык планынын аткарылышы айрым кемчиликтерди эске алуу менен канааттандырарлык деп табылсын.

2.Стратегиялык планда көрсөтүлгөн өнөктөштүк жана жумуш берүүчүлөр менен байланышты чыңдоо жагы колго алынсын.

3.Окуу жайда материалдык -техникалык базаны чыңдоонун үстүндө иштер жүргүзүлсүн.

Камкордук кеңештин төрөгасы : Жоошев М

Катычысы : Турдиева Д

Буйрук № 9

11.03.2025ж

№46 КЛ

Окуу программасына ылайык 10 айлык «Айыл чарба өндүрүшүн тракторчу машинисти " тайпасы кезектеги окуу өндүрүштүк практикага чыгарылсын. Практиканы өтөө мөөнөтү 12-марттан, 18-июнга чейин. Практика мезгилинде окуучуларды көзөмөлдөө тайпанын устаты Беккулев Маматбекке милдеттендирилсин.

№3/24 "Тракторчу машинист"

1. Айдарбек кызы Бекназар
2. Алимбеков Эламан
3. Акпаралы уулу Өскөнбай
4. Абдымиталип кызы Насиба
5. Абдисамат кызы Гулнура
6. Асылбек уулу Искак
7. Жаныбек уулу Манас
8. Кенешбеков Ислам
9. Мелисбек уулу Мыктыбек
10. Нарматов Бекболсун
11. Рысбеков Улан
12. Райымбердиев Байэл
13. Сатар уулу Темирлан
14. Советбек уулу Жандарбек
15. Сейталиев Заир
16. Токтоболот уулу Бакыт
17. Сагыналы уулу Кубанычбек
18. Жолчубекова Акбийке
19. Ибрагимова Айгерим
20. Эшкараев Уланбек
21. Эшкараев Кубандык
22. Орозбай уулу Чынгыз
23. Рыскул уулу Мырзабек

№46-КЛдин директору Т.Ботобеков